| М - 2025 - 0002<br>*(документтин шифри)*<br>12<br>*(беттин саны)*<br>11.03.2025<br>*(Бекитилген датасы)* | Ош мамлекеттик университети |
|---|---|
| | Уюштуруучулук жана башкаруу саясаты |
| | Ош мамлекеттик университетинин эл аралык байланыштар департаментинин<br><br>ЖОБОсу |

БЕКИТЕМИН
ОшМУнун ректору
К.Т. Кожобеков

______________

____ __03__________2025

# Ош мамлекеттик университетинин эл аралык байланыштар департаментинин

# ЖОБОсу

## ЧЕНЕМДИК ДОКУМЕНТТИН ПАСПОРТУ

| | |
|---|---|
| Документтин аталышы | Ош мамлекеттик университетинин эл аралык байланыштар департаментинин жобосу |
| Документтин теги | Ош МУнун уюштуруучулук жана башкаруу саясаты |
| Документтин түрү | Жобо |
| Бекитилгендиги жөнүндө маалымат | 2025-жылдын 17-январындагы Ош МУнун административдик кеңешинин № ___ протоколунун чечими менен жактырылып кабыл алынган. |
| Документтин шифры | |
| Документтин кыскача аннотациясы | Бул документ Ош МУнун эл аралык байланыштар департаментинин иш жүргүзүү тартибин аныктайт. |


| ДОКУМЕНТТИН МАЗМУНУ | |
|---|---|
| **Титулдук барак** | 1-бет |
| **Ченемдик документтин паспорту** | 2-бет |
| **Жалпы жоболор** | 4-бет |
| **Ош МУнун эл аралык байланыштар департаментинин структурасы** | 5-бет |
| **Департаменттин негизги милдеттери** | 6-бет |
| **Департамент кызматташкан тараптар** | 8-бет |
| **Департаменттин кызматкерлеринин укугу** | 8-бет |
| **Департаменттин кызматкерлеринин жоопкерчилиги** | 9-бет |
| **Жобону бекитүүнүн, өзгөртүүнүн жана жокко чыгаруунун тартиби** | 9-бет |
| **Тиркемелер** | 11-12 - беттер |

## Ош мамлекеттик университетинин
## Эл аралык байланыштар департаментинин жобосу

### I. Жалпы жоболор

1.Эл аралык байланыштар департаменти (мындан ары - Департамент) ОшМУнун ректорунун 2024-жылдын 2-сентябрындагы №4007-ФХД /24 09.09.2024 буйругу менен түзүлгөн.

2. Департамент - эл аралык байланыштар жаатында университеттин саясатын жүргүзүүчү структуралык түзүм.

3. Департамент өзүнүн ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, университеттин Уставын жана нормативдик-укуктук актыларын, Окумуштуулар кенешинин токтомдорун, ректордун буйруктарын, билим берүү жана илим жаатындагы эл аралык уюмдарынын келишимдерин, ошондой эле ушул жобону жетекчиликке алат.

4. Департаменттин курамы Департаменттин директорунун сунушу, тышкы байланыштар боюнча проректордун макулдугу боюнча ректордун буйругу менен бекитилген штаттык жадыбалга ылайык түзүлөт.

5. Департамент өзүнүн ишмердүүлүгүн тышкы байланыштар боюнча проректор менен макулдашылган, университеттин ректору тарабынан бекитилген пландын негизинде институттар, деканаттар, колледждер, кафедралар жана башка түзүмдөр менен биргеликте иш алып барат.

6. Департаменттин директору тышкы байланыштар боюнча проректордун макулдугу менен ректор тарабынан дайындалат.

7. Департаменттин директору кызматына илимий даражасы бар, англис жана орус тилдеринде эркин сүйлөгөн адис дайындалат.


8. Департаменттин директору департманттин ишмердүүлүгүнө жетекчилик кылат жана анын иш-аракети, өзүнө жүктөлгөн милдеттердин аткарылышы үчүн жоопкерчиликти мойнуна алат.

9. Департаменттин директору жана кызматкерлери тышкы байланыштар боюнча проректордун макулдугу менен ректордун буйругунун негизинде дайындалат жана кызматтык орундан бошотулат.

10. Департамент университеттин каражатынын эсебинен каржыланат.

11. Департаменттин ишмердүүлүгү окуу жыл аягында директор тарабынан отчет түрүндө жазылып тышкы иштер боюнча проректорго тапшырылат.

**Эл аралык байланыштар департаментинин структурасы**



Жобо «ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН 2023-2026-жылдарга ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ МОДЕЛИ" стратегиялык программасында камтылган пункттарды эске алуу менен түзүлгөн. [1]

## II. Департаменттин негизги милдеттери

1. Департаментке тиешелүү иш-чараларды аткаруу.

2. Университеттин эл аралык уюмдар, фонддор, чет өлкөлүк жана ата мекендик окуу жайлар менен билим берүү жана илим жаатындагы байланыштарын жана кызматташтыгын орнотуу, биргелешкен эл аралык долбоорлорду жана программаларды ишке ашыруу.

3. Университетти ЖОЖдордун ассоциацияларына киргизүү, окуу жайдын ал ассоциациялардагы ишмердүүлүгүн жүргүзүү.

4. Билим берүү, илимий мекемелер, эл аралык уюмдар, агентстволор, чет мамлекеттердин Кыргыз Республикасындагы элчиликтери менен иш алып баруу.

5. Чет өлкөлүк ЖОЖдор, уюмдар менен кызматташуу жөнүндөгү келишимдердин, меморандумдардын, протоколдордун долбоорлорун даярдоодо университеттин структуралык түзүмдөрүнө консультациялык жана практикалык жардамдарды көрсөтүү.

6. Кызматташуу жөнүндөгү келишимдердин, меморандумдардын долбоорлорун өнөктөш окуу жайлар жана уюмдар менен макулдашуу жана түзүү.

7. Университет жөнүндө жарнамалык-маалыматтык материалдарды (социалдык баракчалар, жарнамалык буклеттер, бюллетендер, презентациялык слайддар, видеороликтер, справочниктер, университеттин логотиби түшүрүлгөн календарлар, значоктор, желекчелер, сувенирлер ж.б.) даярдоого жана жайылтууга көмөктөшүү.

8. Студенттердин, магистранттардын жана окутуучулардын академиялык мобилдүүлүгүн өнүктүрүү, илимий-педагогикалык, илимий-техникалык кадрлардын жана студенттердин алмашууларын уюштуруу.

9. Университеттин чет өлкөлөрдө жана ата мекендик окуу жайларда окуп келүүгө, стажировкаларда, иш сапарларга чыгып жаткан студенттер, окутуучулар жана илимий-педагогикалык кызматкерлер менен иш алып баруу.

10. Окутуучулардын жана студенттердин эл аралык прорамаларына катышуусун камсыз кылуу.

[1] https://www.oshsu.kg/storage/uploads/files/21708594193Osh_mamlekettik_universitetinin_2023-2026-zhyldarga_turuktuu_onuguu_modeli.pdf

11. Сыртка чыгып жаткан окутуучулардын жана студенттердин документтерине көмөктөшүү.

12. Университетте ишке ашырылып жаткан долбоорлор, түзүлгөн келишимдер боюнча маалыматтык базаны түзүү жана жаңылап туруу.

13. Университетте аткарылып жаткан эл аралык долбоорлоруна календарлык жыл аягында мониторинг жүргүзүү.

14. Университеттин эл аралык байланыштарын өнүктүрүүгө карата жаңы ыкмаларды дайыма издеп табуу жана практика жүзүндө ишке ашыруу.

15. Байланыштарды жана кызматташтыкты түзүү маселелери боюнча университеттин атынан өнөктөштөр (ЖОЖдор, эл аралык агентстволор, фонддор, уюмдар ж.б.) менен сырткы жана ички кат алышууну жургузуу.

16. Жыл сайын чет өлкөлүк өнөктөш ЖОЖдор жана уюмдар менен биргеликте долбоорлорду жүзөгө ашыруу.

17. Тийиштүү структуралык түзүмдөр менен биргеликте алмашуу программаларына катышып, башка окуу жайларда окуп келген студенттерге академиялык айырмачылыктарын өз убагында тапшыруусуна көмөк көрсөтүү.

18. Биргелешкен билим беруу (кош диплом) программалары боюнча окуу жайлар менен келишимдерди түзүү жана ал программаларды ишке ашырууда структуралык бөлүмдөргө көмөк көрсөтүү.

19. Студенттер, окутуучулар арасында эл аралык конференция, семинар, тренинг, симпозиум, долбоорлор жөнүндө маалыматтык бюллетень даярдоо жана жайылтуу.

20. Рейтинг бөлүмү менен биргеликте университеттин эл аралык рейтингдеги беделин көтөрүү боюнча иш жүргүзүү.

21. Чет өлкөлүк окутуучуларды, окумуштууларды жана студенттерди университетке тартуу.

22. Университетке чакырылган чет элдик адистердин ишмердүүлүгүнө мониторинг жүргүзүү.

23. Университетте иштеген чет өлкөлүк окутуучуларга жана окуган студенттерге виза алуусуна көмөктөшүү жана ар биринин виза статусун көзөмөлгө алуу.

24. Чет өлкөлүк окутуучуларга жана студенттерге коопсуздук маселелери боюнча жолугушууларды уюштуруу.

25. Башка ЖОЖдордон университетке которулуп жаткан чет өлкөлүк студенттердин которуу жана тикелөө боюнча комиссиясынын курамына департаменттин виза боюнча адисинин кошулуусун камсыз кылуу.

26. Чет өлкөлүк студенттерди жана окутуучуларды Кыргыз Республикасынын аймагына кирүү жана республиканын территориясында болуу, чыгуу эрежелери менен тааныштыруу;

## III. Департамент кызматташкан тараптар

Ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө департамент төмөнкү мекемелер менен кызматташат:

1. Кыргыз Республикасынын Билим беруу жана илим министрлиги, Тышкы иштер министрлиги, КРдин чет мамлекеттердеги дипломатиялык өкүлчүлүктөрү, Кыргыз Республикасындагы чет өлкөлүк элчиликтер, чет өлкөлүк университеттер, эл аралык уюмдар, фонддор ж.б.;

2. Университеттин окутуучуларынын жана студенттеринин академиялык мобилдүүлүгүн уюштурууда чет өлкөлүк окуу жайлар;

3. Университеттин бардык структуралык түзүмдөрү.

## IV. Департаменттин кызматкерлеринин укугу

Департаменттин кызматкерлери укуктуу:

1. Университеттин жетекчилигине (ректорго, тышкы байланыштар боюнча проректорго ж.б.) эл аралык байланыштарды жакшыртуу, анын эффективдүүлүгүн жогорулатуу, иштин жаңы формаларын жана ыкмаларын киргизүү боюнча сунуш берүүгө;

2. Университеттин жана анын структуралык түзүмдөрүнөн жумушка керек болгон тиешелүү документтерди белгиленген тартипте алууга.

3. Структуралык түзүмдөр менен эл аралык байланыштар маселелери боюнча чечимдерди иштеп чыгууга жана кабыл алууга керектүү маалыматтарды белгиленген тартипте сурап алууга;

4. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине, мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдарына, жергиликтуу өзүн өзү башкаруу органдарына зарылчылык болгон учурда маалымат берүүгө;

5. Эл аралык байланыштар маселелери боюнча ар түрдүү эл аралык уюмдарда жана мекемелерде жетекчиликтин тапшырмасы менен университетти тааныштырып, анын өкүлү болууга;

6. Чет өлкөлүк жана ата мекендик окуу жайлар, мамлекеттик башкаруу органдары, жергиликтуу өзүн өзү башкаруу органдары, коомдук бирикмелер жана уюмдар, Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттеги өкүлчүлүктөрү, эл аралык уюмдар ж.б. менен өзүнүн компетенциясына кирген маселелер боюнча кызматтык кат алышуу жүргүзүүгө;

## V. Жоопкерчилиги

### Департаменттин кызматкерлеринин жоопкерчилиги

Департаменттин кызматкерлери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык дисциплинардык жоопкерчиликке тартылышат:

- жүктөлгөн милдеттерди аткарбоодо жана (же) өз убагында аткарбоодо;
- эл аралык департаменттин компетенттүүлүгүнө тиешелүү маселелерди өз убагында жана (же) өз деңгээлинде аткарбаганда, университеттин жетекчилигине ишенимсиз маалымат берилгенде;
- эмгек тартибине ылайык мыйзамдардын негизинде университеттин ички тартибин, өрт коопсуздугун жана коопсуздук эрежелерин бузганда.

## VI. Жобону бекитүүнүн, өзгөртүүнүн жана жокко чыгаруунун тартиби

Ош мамлекеттик университетинин эл аралык байланыштар департаментинин жобосу университеттин административдик кеңеши тарабынан кабыл алынат жана ректордун буйругу менен бекитилет. Зарылдыкка жараша өзгөртүүлөр, толуктоолор эл аралык департаменттин директорунун сунушуна ылайык Ош МУнун административдик кеңешинин чечими менен киргизилет.

Иштеп чыккан:
Эл аралык байланыштар департаментинин директору Ибраимова С.С.

Макулдашылды:
Тышкы иштер боюнча проректор Аттокуров К.Ш.
Укук бөлүмүнүн башчысы Айдарбекова Ж.А.
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы Турдубаева Г.Т.